КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

---

## Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын III кезексиз сессиясынынын № 41 токтому
## 26-сентябрь 2022-жыл

## Төрт-Күл айыл аймагынын жергиликтүү курултайын өткөрүүнү уюштуруу жөнүндө

---

Мамлекеттик башкаруунун ачыктыгын, айкындуулугун жана эл менен байланышын чыңдоо максатында, КР Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы “Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө” №284 Жарлыгына жана биринчи Элдик Курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы “Биринчи Элдик Курултайга Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынан жана шаарлардан делагаттарды шайлоо боюнча нускамасына” ылайык маселени карап, талкуулап Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Төрт-Күл айыл аймагынын жергиликтүү Курултайы 2022-жылдын 5-ноябрына саат 10:00 го чакырылсын.

2. Төрт-Күл айыл аймагынын жергиликтүү Курултайынын курамы калктын санына ылайык 50 делагаттан тураары белгиленсин.

3. Төрт-Күл айыл аймагынын жергиликтүү Курултайын уюштуруу жана өткөрүү боюнча жумушчу топтун курамы 11 адамдан бекитилсин (№1 тиркеме).

4. Жергиликтүү жамааттар арасында делагат шайлоо боюнча жыйындар 2022-жыдын 15-октябрынан 20-октябрына чейин графикке ылайык өткөрүлсүн. (№2 тиркеме) жана өкүлчүлүктүн нормалары калктын санына жараша бөлүнөөрү эскертилсин.

5. Төрт-Күл айыл өкмөтү Курултайды уюштурууга, жумушчу топко ар тараптуу көмөк көрсөтүүгө жана белгиленген мөөнөттө графикке ылайык жыйындарга калктын келүүсүн, жыйын өтүүчү жайды тиешелүү аппараттар менен камсыздоого милдеттендирилсин.

6. Бул токтомдун аткарылышы Төрт-Күл айылдык Кеңешинининин мандат, законддуулук, мыйзамдуулук, мамлекеттик жана коомдук тартипти сактоо, этика жана диний иштер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Асанбек уулу Максатка жүктөлсүн.

7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

Төрага М.Жунушалиев

Катчы С.Дыйкамбаева